Оо, Аллах, менин кабырымды адамдар сыйына турган эстеликке (идол) айлантпа. Аллах пайгамбарларынын кабырын мечитке айланткан коомду каргыштады

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Оо, Аллах, менин кабырымды адамдар сыйына турган эстеликке (идол) айлантпа. Аллах пайгамбарларынын кабырын мечитке айланткан коомду каргыштады».

[Сахих (ишенимдүү)] [Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) раббисинен дуба кылып, анын кабырын адамдар улуктап, ага сажда кылып өөп сыйынуусунан сактоону сурады. Андан кийин Аллах Пайгамбарлардын кабырын мечитке (ибадат жайына) айланткан адамдарды Өз мээриминен алыстатты жана чыгарып салды. Анткени пайгамбарлардын кабырларын мечит кылып алуу аларга ибадат кылууга жана алар пайда жана зыян берет деп ишенүүгө жол ачат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3336